КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

МИНИСТЕРСТВО
ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

28. 11. 2023 № 5495/1

Бишкек ш.
г. Бишкек

## Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү тууралуу" 2022-жылдын 24 - июнундагы № 351 токтомунун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин "Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүү Эрежелерин бекитүү жөнүндө" 2023-жылдын 22-ноябрындагы № 5455/1 буйругун жетекчиликке алып, жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин кесиптик өсүшүнө дем берүү, квалификациялык категория ыйгаруу, педагогикалык чеберчилигин жана квалификациясын, чыгармачылык активдүүлүгүн жогорулатуу максатында **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүү үчүн төмөнкүлөр:

1.1. Аттестацияны уюштуруунун жана өткөрүүнүн иш-чарасынын планы 1-тиркемеге;

1.2. Аттестацияны өткөрүү графиги 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Аттестацияны өткөрүүгө сарпталуучу чыгымдарынын сметасы 3-тиркемеге ылайык бекитилсин.

3. 2023-2024-окуу жылынан баштап аттестацияны өткөрүү жери Бишкек шаарындагы Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети жана Ош шаарындагы Ош мамлекеттик университети деп аныкталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалымат технологияларынын улуттук борборуна (Б.С. Шамшидинова) мугалимдерди аттестациядан өткөрүү жүктөлсүн.

5. Бишкек шаарынын мэриясынын билим берүү башкармалыгы, Ош шаардык билим берүү башкармалыгы, райондук жана шаардык билим берүү

бөлүмдөрүнүн жетекчилерине мугалимдердин аттестациясын уюштуруу жана даярдоо ушул буйрук менен бекитилген иш-чаранын планына жана аттестацияны өткөрүү графигине ылайык жүргүзүү тапшырылсын.

6. Бюджеттик саясат жана финансылык анализдөө башкармалыгы (А.К.Баймуратова), Бухгалтердик эсеп жана отчеттулук бөлүмү (Б.М.Мураталиева) аттестацияны өткөрүүгө сарпталуучу чыгымдарды каржылоону камсыздасын.

7. Жалпы маалымат каражаттар менен иштөө бөлүм (Г.Р.Уметалиева) аттестацияны өткөрүүнүн жүрүшү тууралуу кеңири маалыматтык чагылдыруу жүргүзсүн.

8. Мектептеги жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгына (К.К. Акматов) аттестацияны уюштурууну жана өткөрүүнү координациялоо тапшырылсын.

9. Бул буйруктун аткарылышын контролдоо министрдин орун басары М.У. Касымалиевге жүктөлсүн.

**Министр** **Д.Ш. Кендирбаева**

Тиркеме 1
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлигинин 2023-жылдын
“28” 11 №5495/1
буйругу менен бекитилди

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн иш-чаралар планы**

| № | Иш-чара | Мөөнөтү | Жооптуулар | Контролдоо |
|---|---|---|---|---|
| **Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги жана Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар улуттук борбору (мындан ары - ведомстволук мекеме)** | | | | |
| 1. | Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин ыктыярдуу аттестациясын өткөрүү боюнча иш-чараларды уюштуруу (аттестациялоонун өткөрүү эрежелерин, санарип портфолиосунун критерийлерин, мугалимдин өзү-өзү баалоо талаптарын, аттестациялоого сарпталуучу чыгымдардын сметасын, аттестацияны өткөрүү графиктерин иштеп чыгуу жана у.с. иш - чаралар) | квартал сайын (графикке ылайык) | ММТБББ<br>БКБИТУБ<br>К.К. Акматов<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 2. | Бекитилген графикке ылайык өткөрүлөт | квартал сайын (графикке ылайык) | ММТБББ<br>БКБИТУБ<br>К.К. Акматов<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 3. | Белгиленген графикке ылайык аттестациялануучуларды тестирлөөдөн өтүүгө жөнөтүүнү камсыздайт | квартал сайын (графикке ылайык) | ММТБББ<br>БКБИТУБ<br>К.К. Акматов<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 4. | Аттестацияны өткөрүү жөнүндө маалыматтык өнөктүк жүргүзүү | квартал сайын (графикке ылайык) | ММТБББ<br>ЖМК менен иштөө бөлүмү<br>Акматов К.К.<br>Уметалиева Г.Р. | М.У. Касымалиев |
| **Билим берүүнүн сапатын баалоо жана маалыматтык технологиялар Улуттук борбору (мындан ары - ведомстволук мекеме)** | | | | |
| 5. | Аттестацияны өткөрүү боюнча арыз ээлеринин арызын кабыл алуу боюнча бирдиктүү санариптик база түзүү | квартал сайын (графикке ылайык) | БКБИТУБ<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 6. | Аттестациялануучулардын санариптик портфолиосун | квартал сайын | БКБИТУБ<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жайгаштыруу боюнча убактылуу санарип платформасын түзүү | (графикке ылайык) | | |
| 7. | Аттестацияны уюштуруп өткөрүүгө багытталган усулдук жана консультациялык иштерди (санарип арызды санарип портфолиосу менен электрондук платформага жүктөө, өзүн өзү баалоо жана санарип портфолиосун түзүү, санарип сабакты даярдоо жана корутунду чыгаруу боюнча анимациялык/же видеороликтерди, онлайн вебинарларды, онлайн семинарларды) жүзөгө ашыруу | квартал сайын (графикке ылайык) | БКБИТУБ<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 8. | Жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин ведомстволук мекеменин электрондук порталына жайгаштырылган аттестациялоо тапшырмаларынын форматтарындагы тесттик материалдарынан түзүлгөн тренажерлору менен машыгуу иштерин өткөрүү боюнча атайын онлайн вебинарларды жана онлайн семинарларды квартал сайын өткөрүү | 2023-жылдын 10-декабрына чейин | БКБИТУБ<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 9. | Аттестацияны квартал сайын бекитилген графикке ылайык өткөрүү | 2023-жылдан баштап | БКБИТУБ<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 10. | Санариптик форматта катталган арыздарды жана санарип портфолиосу кароо үчүн эксперттик комиссиянын курамын жана регламентин бекитүү жана ишке ашыруу, комиссия менен окутуу иштерин жүргүзүү | квартал сайын (графикке ылайык) | БКБИТУБ<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 11. | Аттестацияга катышуу үчүн санарип арызды каттоо мөөнөтүн бекитилген графикке ылайыктуу өз алдынча түзүү жана аймактык билим берүүнү башкаруу органдарына кечиктирилгиз жеткирүү | квартал сайын (графикке ылайык) | БКБИТУБ<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |
| 12. | Аймактык билим берүү органдарына аттестациялануучуларды кийинки этапка, тестирлөөгө киргизүү же киргизбөө жөнүндө маалыматтарды тестирлөө башталганга чейин 14 жумушчу күн мурда эсептик окуу | квартал сайын (графикке ылайык) | БКБИТУБ<br>Б.С. Шамшидинова | М.У. Касымалиев |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жылындагы тестирлөөнүн графигин көрсөтүү менен кабарлоо | | | |
| | **Аймактык билим берүүнү башкаруу органдары (мындан ары – РБББ/ШБББ)** | | | |
| 13. | Мугалимдердин аттестациясы жөнүндө Эрежелердин негизинде иш – чара уюштуруу жана жүргүзүү | квартал сайын (графикке ылайык) | РБББ/ШБББ | К.К. Акматов |
| 14. | Аттестациянын башталышы жөнүндө маалыматты ар бир мектептин директору (ал өз учурунда мугалимдерг)е кол койдуруу менен жеткирүү | ноябрь-декабрь, 2023-жыл | РБББ/ШБББ<br><br>Мектеп директорлору | К.К. Акматов |
| 15. | Ведомстволук мекемеден жазуу жүзүндөгү билдирүүнү алгандан кийин 3 (үч) жумушчу күндүн ичинде мектеп жетекчилерине жана аттестацияланууучуларга алдыдагы тестирлөөнүн датасы, убактысы жана орду жөнүндө маалымдоо ишин камсыздайт | квартал сайын (графикке ылайык) | РБББ/ШБББ | К.К. Акматов |
| 16. | Жалпы билим берүү уюмдарынын директорлору жана аттестацияланууучулар менен даярдык иш-чараларды тренажерлор, видеороликтер жана семинар, вебинарлар аркылуу пайдалануу менен маалыматтык түшүндүрүү иштерин тынымсыз жүргүзүү | квартал сайын (графикке ылайык) | РБББ/ШБББ | К.К. Акматов |
| 17. | Улуттук координаторлор (РБББ/ШБББ) бекитилген эрежелерге ылайык иш жүргүзүү | квартал сайын (графикке ылайык) | РБББ/ШБББ | К.К. Акматов |
| 18. | Белгиленген графикке ылайык аттестацияланууучуларды тестирлөөдөн өтүүгө жөнөтүүнү камсыздоо (мугалимдерге тестирлөө өтө турган жайды, датасы жана убактысы жөнүндө маалымат берүүнү камсыздоо) | квартал сайын (графикке ылайык) | РБББ/ШБББ | К.К. Акматов |
| 19. | Жалпы билим берүү уюмунун жетекчиси тарабынан берилген квалификациялык категорияны ырастаган мугалимдерди кайра тарификациялоодон өткөрүү | квартал сайын (графикке ылайык) | РБББ/ШБББ | К.К. Акматов |

Тиркеме 2
Кыргыз Республикасынын
Билим берүү жана илим
министрлигинин 2023-жылдын
"28" 11 № 3495/1
буйругу менен бекитилди

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдерин аттестациядан өткөрүүнүн графиги**

| № | | | I квартал | II квартал | III квартал | IV квартал |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | БКБИТУБ | Мугалимдердин санарип арыздарын каттоо | 2023-жылдын ноябрь-декабрь айларынын ичинде ∆ | 2024-жылдын январь-март айларынын ичинде ∆ | 2024-жылдын апрель-июнь айларынын ичинде ∆ | 2024-жылдын сентябрь-декабрь айларынын ичинде ∆ |
| 2 | БКБИТУБ | Каттоодон өткөн санарип портфолиого экспертиза жүргүзүү | 2023-жылдын ноябрь-декабрь айларынын ичинде | 2024-жылдын январь-март айларынын ичинде | 2024-жылдын апрель-июнь айларынын ичинде | 2024-жылдын сентябрь-декабрь айларынын ичинде |
| 3 | БКБИТУБ | Тестирлөөгө катышууга мугалимдердин тизмесин даярдоо жана РБББ/ШБББларга жөнөтүү | 2023-жылдын ноябрь-декабрь айларынын ичинде | 2024-жылдын январь-март айларынын ичинде | 2024-жылдын апрель-июнь айларынын ичинде | 2024-жылдын сентябрь-декабрь айларынын ичинде |
| 4 | БКБИТУБ | Мугалимдердин аттестациясын (тестирлөөсүн) өткөрүү | 2023-жылдын ноябрь-декабрь айларынын ичинде | 2024-жылдын январь-март айларынын ичинде | 2024-жылдын апрель-июнь айларынын ичинде | 2024-жылдын сентябрь-декабрь айларынын ичинде |
| 5 | КР ББИМ | Аттестациядан өткөн мугалимдердин тизмесин РБББ/ШБББларга жөнөтүү | 2023-жылдын ноябрь-декабрь айларынын ичинде* | 2024-жылдын январь-март айларынын ичинде* | 2024-жылдын апрель-июнь айларынын ичинде* | 2024-жылдын сентябрь-декабрь айларынын ичинде* |

* Улуттук тестирлоого борбору тарабынан кошумча билдирүү белдирет.

∆ Кыргыз Респуликасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан кошумча маалымат берилет.